**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСТИТЕТИ**

**Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети**

«Бекитилди»

Факультеттин 2023 -ж. «7.10»

жыйынынын №___ протоколунда.

Декан: ________ Р.Сагындыкова

ИЛИМИЙ-ӨНДҮРҮШТҮК практикасы боюнча

531000 Филология багытында окуган күндүзгү

магистратура бөлүмүнүн магистранттары үчүн

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

Окуу планы боюнча саатардын сеткасы:

| Дисциплинанын аталышы | Баары | Отчеттуулук |
|---|---|---|
| | 1-сем. | |
| Илимий-өндүрүштүк практикасы | 270 саат (9 кредит) | экзамен |
| | 270 | экзамен |

*Жумушчу программа КРдин ЖКББ МББСнын жана 531000 Филология багыты боюнча НББПнын негизинде түзүлгөн*

Ош-2023

**Магистранттардын илимий-өндүрүштүк практикасынын мазмуну**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты тарабынан каралган магистердик даярдоонун филологиялык багыты үчүн магистранттарды кесиптик- практикалык даярдоого багытталган илимий- өндүрүштүк практика негизги билим берүү программасынын жана окутуунун ажырагыс бөлүгү катары каралат. Ал илимий-изилдөөчүлүк жумуштарды аткаруу жана магистердик диссертацияны даярдоодогу практикалык маселелерди чечүүнү камтыйт.

Илимий-өндүрүштүк практиканын мазмунуна булар кирет:

- Практиканын максаты жана милдеттери
- Илимий-өндүрүштүк практиканы өтүүнүн орду жана өзгөчөлүктөрү
- Илимий- өндүрүштүк практика боюнча отчет
- Отчеттун структурасы
- Магистрант илимий-өндүрүштүк практиканы өтүүгө милдеттүү. Бул теориялык алган билимдерин бекемдеп, аларды практика менен айкалыштырууга мүмкүнчүлүк берет жана келечекте алган кесибин аркалоодо зарыл керектүү көндүмдөрдү калыптандырууда зор роль аткарат. Өз ишмердүүлүгүнүн натыйжасында магистрант отчет түзүп кураторуна тапшырат.

Магистранттын илимий- өндүрүштүк практикасы

Практика магистранттар үчүн билим берүү жараянындагы милдеттүү этап болуп, окуу семестринде аткарылат. Илимий-өндүрүштүк практиканы өтүүнүн көлөмү, графиги жана орду илимий жетекчи жана кафедра менен макулдашылат.

1. Практиканын максаты окуу жараянында топтолгон теориялык базаны системага салуу, илимий изилдөөлөрдү алып баруунун көндүмдөрүн калыптандыруу, диссертациянын темасындагы милдеттерди аткаруу менен ал боюнча илимий иликтөөлөрдү алып баруу.

2. Илимий-өндүрүштүк практиканын башкы милдети - изилдөөдө иштеп чыгуу, бүтүрүүчү ишти жазууда аналитикалык материалдарды тандап

топтоо.

Магистрант практика мезгилинде төмөнкүлөрдү үйрөнөт:

- Өзүнүн диссертациялык иши боюнча маалыматтык булактарды;
- Моделдештирүү методдорун, материал жыйноо;
- Заманбап программалык материалдарды;
- Илимий-техникалык отчетторду даярдоонун эрежелерин.

Илимий-өндүрүштүк практиканын жыйынтыгында өзүнүн диссертациясынын темасын тактап бүтөт, анын актуалдуулугун, практикалык баалуулугун далилдеп, аны иликтөөнүн программасын жана аны өз алдынча ишке ашырууну өздөштүрөт.

Илимий- өндүрүштүк практиканы өтүүнүн орду жана өзгөчөлүктөрү

Илимий-өндүрүштүк практика жогорку окуу жайлардын системасындагы мекемелердеги филология багытындагы ишмердүүлүктү уюштуруучу түрдүү чөйрөсүнүн базасында жүзөгө ашырылууга мүмкүн.

Магистраттын илимий-өндүрүштүк практикасы төмөнкү этаптардан турат:

1. Алдын ала даярдануу этабы (иш планын даярдоо)
2. Негизги изилдөөчүлүк этап
3. Отчет түзүү этабы.

Магистрантты аттестациялоо анын ишинин жыйынтыктары боюнча түзүлгөн отчетту коргоо менен жүзөгө ашат.

Илимий- өндүрүштүк иштерин уюштуруу үчүн төмөнкүлөр керек:

1. Жетекчи менен макулдашуу аркылуу практика өтө турган жерди тандоо;
2. Практика базасы катары тандалган ЖОЖ менен келишим түзүү;
3. Магистранттарды практикага багыттоо менен магистрлердин куратору ЖОЖдун кафедарсында жыйналыш өтөт, анда магистранттарды практиканын программасы, күндөлүк, багыттама, жекече тапшырмалар

ж.б. менен камсыздайт.

Окуу жайдын практика башчысы:

- Магистрантка жекече план жазууга жардам берет;
- Жумуштун жүрүшүндө жыйналган аналитикалык материалдарды, күндөлүктү окуп чыгат жана баалайт.

Практика учурунда мекеме магистрантка жумушчу орун берет. Магистранттын илимий-изилдөөчүлүк ишин алып баруусуна окуу жайдын практика башчысы жооптуу.

Практика башчысынын милдеттери:

- Магистрант менен бирге программаны аткарууну планын түзүү;
- магистранттын ишмердүүлүгүнө байкоо салуу ага керек болгон учурда жардам көрсөтүү;
- Түзүлгөн программанын аткарылышынын жүрүшүн көзөмөлдөө;
- илимий-изилдөө процессинде иликтөө учурунда алынган аналитикалык материалдарды текшерүү;
- пикир (мүнөздөмө) жазуу;
- отчёттуулукту түзүүгө жардамдашуу.

Практика мезгилиндеги магистранттын иши анын магистрдик диссертациясынынын логикасына ылайык уюштурулушу керек. Тандалып алынган темага жараша изилдөөнүн программасы түзүлөт. Магистранттар регулярдуу түрдө аткарылып жаткан иштин этаптары боюнча белгилеп жазып жүрүүсү зарыл. Изилдөөчүлүк ишмердүүлүктүн аягында магистрант илимий-изилдөөчүлүк практиканын өтүшү боюнча отчет жазып ЖОЖдун кафедрасындагы практика башчысына тапшырат.

1. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаттары:

Практиканын максаты окуу жараянында топтолгон теориялык базаны системага салуу, илимий изилдөөлөрдү алып баруунун көндүмдөрүн калыптандыруу, диссертациянын темасындагы милдеттерди аткаруу менен ал боюнча илимий иликтөөлөрдү алып баруу.

2. Илимий-өндүрүштүк практика дисциплинасын өздөштүрүү процессинде калыптандырылуучу компетенциялар жана окутуу натыйжалары

Дисциплинаны окуп үйрөнүүнүн натыйжасында магистрант ***билим берүү программасын өздөштүрүүнүн күтүлүүчү натыйжасына ылайык келген*** төмөнкү ***күтүлүүчү натыйжаларына*** жана дисциплинага берилген ***компетенцияларга*** жетишет:

| | |
|---|---|
| НББПнын ОН-н коду жана анын формулировкасы | дисциплинасынын ОН-н коду жана анын формулировкасы |
| НББПнын компетенция-н коду жана анын формулировкасы | |
| Көркөм чыгармага адабий талдоо | |

| | | |
|---|---|---|
| 1-ОН: Филологиялык багыттагы илимий изилдөөлөрдү талдоого, баалоого жалпылоого жана жетектөөгө жөндөмдүү. Филология тармагындагы заманбап илимий парадигманы жана анын өнүгүү динамикасын билүү | менен филологиялык изилдөөнүн методологиялык принциптеринин системасын жана методикалык ыкмаларын көрсөтүүгө жөндөмдүү (КК-1)<br>- илимий изилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн, анын өнүгүү жараянынын этаптарын билет; | - илимий талдоонун теоретиктери, көрүнүктүү изилдөөчүлөр тууралуу түрдүү аспектиден өз пикирин туура, так, жеткиликтүү айта алат;<br>- метологиялык принциптерди, методикалык ыкмаларды колдонуу менен изилдөөгө обзор жасай алат. |
| | Филология жана гуманитардык илимдер чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн өз алдынча толуктоого, сынчыл анализ жасоого, теориялык жана практикалык билимдерин колдонууга жөндөмдүү (КК-2)<br>- практикага таандык | маалыматтарды түшүнөт, илимий изилдөөнүн спецификасын билет;<br>- ага байланыштуу материалдарды аңдап түшүнөт;<br>- изилдөөлөрдү азыркы контекстте окуунун баасын коюу көндүмүнө ээ болот;<br>- теориялык билимдерин практикада колдоно алат жана сүйлөө, жазуу көндүмүнө ээ болот. |

3. Дисциплинанын НББПдагы орду

Илимий-ендуруштук практика дисциплинасынын пререквизиттери:

бакалавриаттагы практикалар, бүтүрүүчү квалификациялык иш жазуу.

Дисциплинанын постреквизиттери: илимий-изилдөөчүлүк практика, магистрдик иш.

4. Илимий-өндүрүштүк практика дисциплинасынын компетенциялар картасынын темаларда берилиши

| № | Темалардын аталышы | сааты | компетенциялар | |
|---|---|---|---|---|
| | | | КК - 2 | КК - 3 |
| 1. | 1-тема: *Алдын ала даярдануу этабы.* Практиканын иш планы менен таанышуу. Магистранттардын практикага багыттоочу жыйынына катышуу, практиканын программасы, күндөлүк, багыттама, жекече тапшырмалар ж.б. менен камсыз болуу, алар боюнча көрсөтмө алуу | 15 | + | + |
| 2 | 2-тема: Жетекчи менен бирдикте практика өтө турган жер менен таанышуу. Практика базасы катары тандалган ЖОЖдун библиотекасына ж.б. жазылуу. | 15 | + | + |
| 3 | 3-тема: Магистрант менен бирге программаны аткаруунун планын түзүү, аны өз ара талкуулоо | 15 | | + |
| 4 | 4-тема: Практика боюнча түзүлгөн программанын аткарылышынын жүрүшүн ар дайым өздүк контролго алып машыгуу, библиотекалык фонд менен кенен таанышуу. | 15 | + | + |
| 5 | 5-тема: *Негизги изилдөөчүлүк этап.* Илимий-изилдөө үчүн тандалып алынган материалдарды топтоону, ылгоону үйрөнүү | 15 | + | |
| 6 | 6-тема: Магистрдик диссертациянын темасы боюнча библиографиялык булактардын | 15 | | + |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тизмесин түзүү | | | |
| 7 | 7-тема: Тандалып алынган тема боюнча материалдарды үйрөнүп баштоо, аларды конспектилее, шилтеме берүүгө үйрөнүү | 15 | | + |
| 8 | 8-тема: Тема боюнча чыккан илимий макаларды монографияларды үйрөнүп, аларга аннотация жазуу | 15 | + | + |
| 9 | 9-тема: Изилдөөнүн темасы боюнча илимий мектептердин жалпыланган маалыматын даярдоо | 15 | | + |
| 10 | 10-тема: Темага ылайык илимий публикациянын рецензиясын жазууну өздөштүрүү | 15 | + | + |
| 11 | 11-тема: Өзүнүн темасы боюнча изилдөөнүн теоретикалык базасынын натыйжалары боюнча рефеативдик обзор жасоо | 15 | + | + |
| 12 | 12-тема: Иштин актуалдуулугу, багыттын түрдүү изилдөөлөрдө иштелип чыгуу даражасы, предметтин жалпы мүнөздөмөсү, илимий изилдөөнүн максаты жана милдеттери ж.б. иштеп чыгуу | 15 | + | + |
| 13 | 13-тема: Магистрант тарабынан изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча макала даярдоо жана конференцияларда баяндама жасоо | 15 | + | |
| 14 | 14-тема: Илимий журналдарда тема боюнча бирден макала даярдоо | 15 | | + |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15 | 15-тема: ОшМУнун студенттик илимий жыйнагына макала чыгарууга жетишүү, илимий жетекчи белгилеген кемчиликтердин үстүндө иштөө | 15 | + | + |
| 16 | 16-тема: *Отчет түзүү этабы.* Аны структураларын өздөштүрүү. Практикада алынган натыйжаларды жайгаштыруу, аргументтүү формулировка жасоо | 15 | | + |
| 17 | 17-тема: Илимий ишке, макалага пикир (мүнөздөмө) жазууну өздөштүрүү (жетекчи берген үлгүнү негизинде) | 15 | + | + |
| 18 | 18-тема: Илимий-өндүрүштүк практиканын отчётун түзүү, аны коргоого даярдануу | 15 | + | + |
| Баары: | | 270 | | |

Илимий-өндүрүштүк практика боюнча отчет

Практиканы натыйжасында жана күндөлүктөгү жазылгандар чогултулган материалдар системалаштырылат жана анализденет. Алардын негизинде магистрант отчет жасайт, ал окуу планында каралган мөөнөттө илимий жетекчиге текшерүүгө берилет. Акыркы этап катары отчетту комиссиянын жана илимий жетекчинин алдында коргоо эсептелет. Коргоонун натыйжасында практикага баа коюлат жана кийинки семестрге уруксат берилет.

Практика магистрант түзгөн отчеттук документациянын жана аны коргоонун негизинде бааланат. Анын түзүмүнө практиканы өтөгөндүгү тууралуу даяр отчет жана күндөлүк кирет.

Практика боюнча отчет төмөнкүдөй структурада болот:

1. Титулдук барак.
2. Киришүү, анын ичинде:

2.1. Илимий-өндүрүштүк иштин максаты, аны өткөрүүнүн орду жана мезгили.

2.2. Аткарылган иштердин тизмеси.

3. Негизги бөлүм.

4. Корутунду, анын ичинде:

4.1. Ээ болгон практикалык көндүмдөрдүн сыпатталышы.

4.2. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн баалуулугу тууралуу жекече жыйынтыктар.

5. Колдонулган булактардын (адабияттардын) тизмеси.

6. Тиркемелер.

Ошондой эле илимий- өндүрүштүк иш боюнча негизги бөлүгү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- диссертациянын темасы боюнча библиографиялык булактардын тизмеси;
- Изилдөөнүн темасы боюнча илимий мектептердин жалпыланган маалыматы (обзор). Бул адатта таблица түрүндө берилет;
- Темага ылайык илимий публикациянын рецензиясы;
- Өзүнүн темасы боюнча изилдөөнүн теоретикалык базасынын натыйжалары жана рефеативдик обзор (актуалдуулугу, багыттын түрдүү изилдөөлөрдө иштелип чыгуу даражасы, предметтин жалпы мүнөздөмөсү, илимий изилдөөнүн максаты жана милдеттери ж.б.). Эгерде магистрант тарабынан изилдөөнүн жыйынтыктары конференцияларда алып чыгылып, журналдарда макалалар чыккан болсо алардын копияларын отчетко тиркеп коюу керек.

Отчетту баалоонун негизги критерийлери төмөнкүлөр:

- Изилдөөнүн материалдарынын логикалуулугу жана структуралашканы, теманын, изилдөөнүн максат, милдеттеринин ачылышынын толуктугу;
- Жацы илимий методдорду колдонуу менен материалдарды анализдөөнү жалпылоого чыгармачыл мамиле жасоо;
- Материалдарды так жана иреттүү берүү, өз ишинин жыйынтыктарын, заманбап изилдөөнүн методдорун колдонуу көндүмдөрүн, демонстрациялоочу материалдарды жасалгалоо.

Отчетту туура жазуудан баа көз каранды, ошондуктан аны түзүүгө олуттуу мамиле жасоо керек. Илимий жетекчиге кайрылып үлгү берүүнү суроого мүмкүн. Ошентип илимий-өндүрүштүк практика өтүү магистердик диссертация жазуудагы даярдоочу этап болуп калат.

Упайларды коюу саясаты

Окутуунун кредиттик технологиясынын шарттарында окуу процессин уюштуруунун бир элементи болуп үйрөнүүчүлөрдүн окуу жетишкендиктерин баалоонун баллдык-рейтингдик системасын пайдалануу эсептелет. Экзаменде бааны коюуда объективдүүлүк, ийкемдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптеринин негизинде студенттин билиминин сапаты бардык тараптан анализделип, модулдук-рейтингдик системанын жобосуна ылайык коюлат.

КРнын ББжИ Министрлигинин аракеттеги нормативдик актыларынын жана сунуштамаларынын негизинде гуманитардык багыттагы дисциплиналарда төмөнкүдөй критерийлер менен коюлат:

«Эң жакшы» деген баа студент окуу-программалык материалдарды ар тараптан системалык түрдө терең өздөштүргөндүгүн көрсөткөн, теманы турмуш менен байланыштыра алса, кошумча материалдарды билсе, өз оюн көркөм, так, аргументтүү далилдей алса, өзүнө жана башкаларга суроо берип, талдай билсе, өз түшүнүгүн далилдеп бере алса, жогорку деңгээлдеги суроолорду берип жана аларга жооп бере билсе жана рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон баллы 86-100 баллга чейин болсо коюлат.

«Жакшы» деген баа окуу-программалык материалдарды системалык түрдө өздөштүргөн, программада берилген теориялык жана практикалык материалды билип, эркин түшүндүрө алган, силлабуста сунушталган адабияттарды пайдаланып өз алдынча иштерди аткарган, бирок көркөм чыгарманын мисалында толук, факты менен түшүндүрө албаса, сүйлөө кеби анча өнүкпөсө, конкреттүү фактылар менен далилдей албаса, алган билимин келечектеги кесибинде колдонууга жөндөмдүү жана рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон баллы 74-85 болсо коюлат.

«Канааттандырарлык» деген баа окуу-программалык материалды өздөштүргөндүгүн көрсөткөн, программада берилген материалдарды каталыктар менен жооп берүүгө аракеттенген, силлабуста сунушталган адабияттар менен тааныштыгы бар, системалуу алган билими азыраак, бирок аракети жана өз позициясы бар, берилген тапшырманы аткарган, бирок өз оюн толук далилдеп, өз сөзү менен айта албаган жана рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон баллы 61-73 баллга чейин топтогон магистрантка коюлат.

«Канааттандырарлык эмес» деген баа берилген тапшырманы аткарбаган, чыгарманын мазмунун, сюжетин өздөштүрбөгөн, жазуу жумуштары начар, аракети жок, рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон баллы 0-30, 30-60 баллдан кем болгон магистрантка коюлат.